КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ

36

# БЮЛЛЕТЕНЬ

ОШ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ

# ОШМУНУН АСПИРАНТУРАСЫ ЖӨНҮНДӨ

## Ж О Б О

Ош – 2020

**ОшМУнун аспирантурасы жөнүндө**

**Ж О Б О**

1. Аспирантура илимий жана илимий-педагогикалык кадрларды даярдоонун негизги формасы болуп саналат.
   Аспиранттарды даярдоо илим чөйрөсүндөгү мамлекеттик ыйгарымдуу орган тарабынан бекитилген илимий кызматкерлердин адистиктеринин номенклатурасына ылайык илимдин тармактары жана адистиктери боюнча жүргүзүлөт.

2. ОшМУнун аспирантурасына илимий-методикалык жетекчилик жана көзөмөлдөө илим чөйрөсүндөгү мамлекеттик ыйгарымдуу органдар тарабынан жүргүзүлөт.

3. Аспирантурада окуу формасы күндүзгү, сырттан окуу формасында – бюджеттик, келишимдик негизде акы төлөмө билим берүү (мындан ары − келишимдик негизде) негиздеринде жүргүзүлөт.

4. Аспирантурага толук жогорку кесиптик билими же магистр академиялык даражасы жана адистиги боюнча 2 жылдан кем болбогон эмгек стажы (эгерде артыкчылык диплому болбосо) бар Кыргыз Республикасынын жарандары конкурстук негизде кабыл алынат. Медицина багыты боюнча аспирантурага тапшыруу үчүн ординатураны бүткөндөн кийинки 2 жылдан кем болбогон профилдик стаж талап кылынат.

5. Чет өлкөлүк жарандар аспирантурага эл аралык келишимдердин негизиндеги мыйзамдарга ылайык кабыл алынат.

6. Мурун аспирантурада окуган же ассистентура-стажировканы бүтүргөндөр аспирантурага кайрадан окууга укугу жок.

7. Аспирантурага кирүү үчүн төмөнкү документтер тапшырылат:
   - ректордун атына арыз;
   - өмүр баяны;
   - жогорку окуу жайын, магистратураны бүтүргөндүгү тууралуу дипломунун, ординатураны бүтүргөндүгү тууралуу сертификатынын нотариустан тастыкталган көчүрмөлөрү;

- илимий жетекчисинин макулдугу (илимий жетекчисинин тастыкталган кол тамгасы, мөөрү менен);
- илимий жетекчиси жөнүндө маалымат (кандидаттык жана доктордук диссертацияларынын шифри, адистиги, илимий даражасы, наамы, иштеген жери жана кызматы, телефон номерлери);
- жарыкка чыккан илимий макалаларынын көчүрмөсү. Эгерде илимий макаласы басмадан чыга элек болсо, анда адистиги боюнча жазылган реферат (илимий жетекчисинин баасы, кол тамгасы менен);
- 3х4 өлчөмүндөгү 4 даана сүрөт;
- кадрлар бөлүмүнөн тастыкталган өздүк баракча;
- кафедранын кеңешмесинин аспирантурага сунуштагандыгы жөнүндөгү протоколунан көчүрмө;
- кадрлар бөлүмүнөн тастыкталган эмгек китепчесинин көчүрмөсү;
- иштеген жерлеринен маалымкаттар;
- паспорттун көчүрмөсү;
- кандидаттык сынактарды тапшыргандыгы тууралуу күбөлүк (эгер тапшырган болсо);
- адистик боюнча эмгек стажы жок, артыкчылык диплому менен бүтүргөн талапкерлер факультеттин Окумуштуулар кеңешинин чечими менен сунушталат.

8. Аспирантурага документтерди кабыл алуу жылдын 15-октябрынан 15-ноябрына чейин, ал эми кирүү сынактары декабрь айы ичинде жүргүзүлөт.

9. Аспирантурага документтерди кабыл алуу жана сактоо ОшМУнун Аспирантура бөлүмүндө (мындан ары – бөлүм) жүргүзүлөт. Окуу мөөнөтү бүткөн аспиранттардын документтери архивге өткөрүп берилет.

10. Аспирантурага кабыл алуу үчүн ОшМУнун ректорунун (проректорунун) төрагалыгындагы жогорку квалификациялуу илимий жана илимий-педагогикалык кадрлардан (талапкерлердин илимий жетекчиси кошулушу мүмкүн) кабыл алуу комиссиясы түзүлөт.

11. Аспирантурага кирүүгө талапкерлер илимий жетекчиси менен алдын ала аңгемелешүүдөн өтөт, анын жыйынтыгы кабыл алуу комиссиясына билдирилет.

12. Аспирантурага кирүүчү талапкерлер төмөнкү дисциплиналар боюнча кирүү сынактарын тапшырышат:
    - адистик дисциплинасы;
    - чет тили (англис, немис, француз, кытай тилдери);
    - илимдин философиясы жана тарыхы;
    - кыргыз тили.

13. Дисциплиналар боюнча кирүү сынактары курамына адистиктер боюнча профессорлор же илимдин докторлорунан кирген тиешелүү комиссия тарабынан өткөрүлөт.

14. Чет тилдери жана чыгармачылык адистиктери боюнча комиссия окумуштуулук даражасы жана окумуштуулук наамы жок квалификациялашкан окутуучулардан турушу мүмкүн.

15. Кирүү сынактары кайра тапшырылбайт.

16. Кандидаттык сынактарды тапшырышкан талапкерлер кирүү сынактарынан бошотулат.

17. Аспирантурага кирүүдө конкурста талапкерлердин сынактардан алган жогорку баалары, жарыкка чыккан илимий эмгектери, илимий жетишкендиктери жана адистик боюнча эмгек стажы эске алынат.

18. Аспирантуранын күндүзгү окуу формасында окуу мөөнөтү – 3 жыл, сырттан окуу формасында – 4 жыл.

19. Аспирантурада күндүзгү жана сырттан окуунун мөөнөттөрү илимий жана илимий-педагогикалык стажга эсептелинет.

20. Аспирантурада окуу мөөнөтүндө аспирант төмөнкү иш-аракеттерди аткарууга милдеттүү:
    - окуу планды, жекече жана календардык окуу пландарын аткаруу;
    - илимдин тарыхы жана философиясы;

- чет тили;
- кыргыз тили

  дисциплиналарын окуп үйрөнүү жана кандидаттык сынактарды тапшыруу;
- “Педагогикалык чеберчиликтин мектеби”, “Илимий изилдөөлөрдүн методологиясы жана методдору” дисциплиналарын окуу жана сынактарды тапшыруу;
- Педагогикалык, өндүрүштүк практиканы өтөө;
- кандидаттык диссертациясынын үстүнөн иштөө, бүтүрүү жана талкууга коюу.

21. Аспиранттардын диссертациялык жумуштарынын темалары, илимий жетекчилери, жекече жана календардык окуу пландары ОшМУнун Окумуштуулар кеңешинде аспирант окууга өткөндөн кийин 3 ай аралыгында бекитилет.

    1-курстун аспиранттары аспирантурага кабыл алынгандан кийин 1 ай ичинде диссертацияларынын темалары жана илимий жетекчилери бекитилүүсү үчүн төмөнкү документтерди тапшырышат:
    - жекече окуу планы;
    - календардык окуу планы;
    - кандидаттык диссертациянын план-проспектиси;
    - диссертациялык жумушка аннотация;
    - диссертациялык жумуштун аннотациясына берилген ички жана тышкы пикирлер (илимдин кандидатынан жана илимдин докторунан эки пикир алынат).

    Окумуштуулар кеңешинде бекитилген кандидаттык диссертациялардын темаларынын электрондук форматы Окумуштуу катчы жана бөлүм тарабынан Жогорку аттестациялык комиссиянын диссертациялык темаларынын Реестрине жөнөтүлөт.

22. Аспирантка илимий жетекчиликке тиешелүү же тектеш адистик боюнча илимдин доктору бекитилет.

23. Илимдин кандидаты Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2012-жылдын 22-августундагы № 578 токтому менен бекитилген “Окумуштуулук даражаларды берүү тартиби жөнүндө” ЖОБОго ылайык Жогорку аттестациялык комиссиянын уруксаты бар учурда гана илимий жетекчиликке тартылышы мүмкүн.

24. Бир илимий жетекчиге бир учурда бекитилген аспиранттардын (изденүүчүлөрдүн) саны 5 адамдан ашпоосу керек.

25. 2 адистиктин кошулушунда илимий изилдөөлөрдү аткарган аспирантка 2 илимий жетекчи дайындалат.

26. Жыл сайын октябрь, ноябрь айларында аспирант өзү бекитилген кафедранын кеңешмесинде, Окумуштуулар кеңешинде жана бөлүмдө аттестациядан өтөт. Аттестациядан өткөн аспирант курстан курска көчүрүлөт.

27. Окуу планын, жекече өздүк окуу пландарын аткарбаган, илимий жетекчиси, кафедра, бөлүм менен байланышын үзгөн аспиранттар мөөнөтүнөн мурда окуудан чыгарылат.

28. Окуудан мөөнөтүнөн мурда чыгарылган аспирант келишимдик негизде гана тикеленет.

29. Аспирантурада академиялык өргүү узак мөөнөттө ооруганда, стационардык дарылануда (медкомиссиянын корутундусунун негизинде), кош бойлуу жана төрөгөн учурларда гана бир жылдык мөөнөткө берилет.

30. Аспирант темасы боюнча илимий-изилдөөлөрдү жүргүзүү үчүн ОшМунун профессордук-окутуучулук курамы менен бирдей деңгээлде окуу жайдын жабдууларын, лабораторияларын, кабинеттерин, китепканаларын пайдалана алат. Ошону менен бирге илимий сапарларга, чет өлкөлүк окуу жана илимий борборлорго баруу, экспедицияга катышуу укугуна ээ.

31. Бир окуу жайдан башка окуу жайга, окуунун бир формасынан экинчи формасына которулуу, окуудан чыгарылган аспирантты тикелөө ОшМУнун Окумуштуулар кеңешинин чечими менен жүргүзүлөт.

32. Аспирантураны бүтүргөн адамдарга окуу планындагы окутулган дисциплиналар, сааттардын көлөмү жана алынган баалары көрсөтүлгөн тиркеме менен бирдей үлгүдөгү сертификат берилет.

33. Күндүзгү окуу формасында окуган аспиранттар жекече окуу планын аткарган учурда илимий жетекчиси жана бөлүм менен макулдашылгандан кийин, төлөнгөн педагогикалык, илимий жумуштарды аткарууга укуктуу.

34. Аспирантуранын күндүзгү окуу формасында бюджеттик негизде окуган аспиранттарга аспирантурага кабыл алынган күндөн баштап мамлекеттик стипендия чегерилет.

35. Аспиранттарга бектилген өлчөмдө мамлекеттик, ОшМУнун атуулдук стипендиялары, бюджеттен сырткары ж.б. атайын стипендиялар ыйгарылышы мүмкүн.

36. ОшМУнун аспирантурасында келишимдик негизде аспиранттарды даярдоо алар менен түзүлгөн келишимге ылайык жүргүзүлөт.

37. Аспирантурада келишимдик негиздеги орундардын саны илим чөйрөсүндөгү мамлекеттик ыйгарымдуу орган тарабынан аныкталат.

38. Илимий жетекчинин эмгегине бир аспирантка бир жылга 50 саат өлчөмүндө төлөнүп берилет, 2 илимий жетекчи бекитилген учурда да ушундай төлөнөт.

39. Илимий жетекчилерге кошумча төлөө бюджеттен сырткары каржынын эсебинен болушу мүмкүн.

40. Күндүзгү окууда окуган аспиранттарга жыл сайын 2 ай каникул берилет.

41. ОшМУ ишкана, мекемелер, уюмдар жана окуу жайлар менен түзүлгөн келишимге ылайык зарыл учурларда аспирантурага тапшыруучуларды 12 ай мөөнөткө алдын ала стажировкага жөнөтүүсү мүмкүн.

42. Аспирантурага тапшыруучулардын жана аспиранттардын социалдык гарантиялары, жеңилдетүүлөрү Кыргыз Республикасынын эмгек мыйзамдарына ылайык аныкталат.

# НОРМАТИВДҮҮ ДОКУМЕНТТЕР

1. Кыргыз Республикасынын “Билим берүү жөнүндө мыйзамы” (2003-жыл, 30-апрель, №92)

2. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2018-жылдын 16-июлундагы № 327 токтому менен бекитилген “Кыргыз Республикасында илимий жана илимий-педагогикалык кадрларды даярдоо жөнүндөгү ЖОБОсу”

3. Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин 2019-жылдын 26-мартындагы №312/1 буйругу

4. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2012-жылдын 22-августундагы №578 токтому менен бекитилген “Окумуштуулук даражаларды берүү тартиби жөнүндө ЖОБО”

5. Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин 2014-жылдын 24-июнунундагы №478/1 “Аспирантурага кирүүнүн кошумча талаптары жөнүндө” буйругу

6. Кыргыз Республикасынын Жогорку аттестациялык комиссиясынын Президиуму тарабынан 2010-жылдын 25-ноябрында (№8-4/10) бекитилген илимий кызматкерлердин адистиктерининини НОМЕНКЛАТУРАСЫ

7. Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин 2018-жылдын 26-сентябрындагы №1203/1 “Аспирантура жана докторантура жөнүндөгү” буйругу

8. ОшМУнун Окумуштуулар кеңешинин 2016-жылдын 26-декабрындагы кабыл алынган чечими (№ 1344 буйрук)

9. Ош мамлекеттик университетинин №6 бюллетени – “Окуу жүктөмдөр жана аларды пландоо нормалары жөнүндө ЖОБО”